**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ**

Кызыл-Кыя шаардык кенешинин XV сессиясы
( VIII чакырылыш)

# ТОКТОМ

2025–жылдын 09-октябры № 15/60 Кызыл-Кыя шаары

**“Кызыл-Кыя жылуулук” муниципалдык ишканасынын 2025-2026-жж күзгү-кышкы жылуулук берүү мезгилине жылуу сууну берүүнү токтотуу жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесине, шаардык кенештин Коммуналдык обьектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 08-августундагы №11 протоколуна негиз жана “Кызыл-Кыя жылуулук” муниципалдык ишканасынын башчысы М.Адинаевдин 2025-жылдын 31-июлундагы № 01-06/21 катын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кенешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. “Кызыл-Кыя жылуулук” муниципалдык ишканасынын 2025-2026-жж күзгү-кышкы жылуулук берүү мезгилине калкка жылуу сууну берүүнү токтотууга макулдук берилбесин.
2. Бул токтом мыйзамда каралган тартипте катталсын жана Кызыл-Кыя шаардык кенешинин kyzyl-kiya.gov.kg сайтына жарыялансын.
3. Токтом жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.
4. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл кылуу жагы Кызыл-Кыя шаардык кенештин Коммуналдык обьектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Аматов**